**Кыргыз Республикасынын « Кооптуу өндүрүштүк объекттердин өнөр жайлык коопсуздугу жөнүндө» Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна**
**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

1. **Максаттары жана милдеттери**

Ушул Мыйзам долбоору кооптуу өндүрүш объекттерин жөнгө салуу жана контролдоо тармагын кеңейтүү максатында иштелип чыккан, анын тизмесине "кооптуу өндүрүш объекттеринин өнөр жай коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – Мыйзам) 5-беренесине ылайык азыркы учурда туруктуу орнотулган жүк көтөрүүчү механизмдер гана кирет.

2. **Баяндоо бөлүгү**

Азыркы учурда колдонуудагы мыйзамга ылайык (5-статья, 1-бөлүк, 3-пункт) кооптуу өндүрүш объекттерине туруктуу орнотулган жүк көтөрүүчү механизмдер пайдаланылган объекттер гана киргизилген. Аларды эксплуатациялоо Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөлдөө кызматы тарабынан контролдонот, алар пайдаланылган объекттердин долбоордук документтери өнөр жай коопсуздугунун талаптарына ылайыктуулугуна экспертизадан өткөрүлүүгө тийиш.

Мобилдик жүк көтөрүүчү механизмдер жана жабдуулар Мыйзамдын жөнгө салуу чөйрөсүнө кирбейт жана тийиштүү түрдө көзөмөлдөнбөйт. Ошону менен бирге, өлкөдө заманбап шаар куруу, өнөр жай секторунун объекттерин, жолдорду, инфраструктура объекттерин куруу тез темп менен өнүгүүдө, алардын процесстеринде акыркы бир нече жыл ичинде жүк көтөрүүчү механизмдер жана курулуш аянтчаларынын чегинде орун которууга жана динамикалуулукка жөндөмдүү жабдуулар, анын ичинде жүк көтөрүмдүүлүгү 25 тоннадан ашкан автомобиль крандары, башка заманбап мобилдик жүк көтөрүүчү механизмдер жана жабдуулар Активдүү колдонула баштады.

Бул мобилдик жабдуулар, механизмдер жана көтөргүчтөр контролдоо жок болгондо, аларды коопсуз пайдалануу боюнча талаптар бузулганда, операторлорду окутуу жана аларга уруксат берүү боюнча, жабдууларды үзгүлтүксүз техникалык күбөлөндүрүү жок болгон учурда авариялык кырдаалдарга, адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудурган кырсыктарга алып келүүгө жөндөмдүү.

Акыркы мезгилде болуп өткөн реалдуу авариялык кырдаалдар муну тастыктайт: Токтогул ГЭСинин аймагында автомобиль краны менен иштөөдө слесарь каза болгон; Бишкек шаарынын Гагарин көчөсүндөгү курулуш аянтчасында жүк өтүп бара жаткан адамга түшүп кеткен, жабырлануучу оор жаракат алган; Кулатов көчөсүндө машинисттин этиятсыздыгынан улам унаа краны капталдагы жүккө туруштук бере албай, жанында турган үйгө кулап

кеткен; Матыев көчөсүндө 17 кабаттуу турак үйдү курууда автомобиль краны оодарылып кеткен.

Бул укуктук кенемтени четтетүү жана жабдуунун бул түрүн Мыйзамды жөнгө салуу зонасына жана экологиялык жана техникалык көзөмөлдөө кызматынын контролуна киргизүү максатында ушул Мыйзам долбоору иштелип чыккан.

**3. Социалдык, экономикалык, укуктук, адам укуктары, гендердик, экологикалык жана коррупциялык мүмкүн болгон кесепеттердин прогнозу**

Мыйзам долбоорунун кабыл алынышы социалдык, экономикалык, укуктук, адам укуктары, гендердик, экологиялык жана коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын «Нормативдик укуктук актылар жөнүндө» Мыйзамынын 22-статьясына ылайык, Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актылар долбоорлорун коомдук талкууга коюунун Бирдиктүү порталында жайгаштырылат.

**5. Мыйзам долбоорунун укуктук нормаларга шайкештигин талдоо**

Сунушталган Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарынын нормаларына, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Сунушталган Мыйзам долбоорунун кабыл алынышы республиканын бюджетине кошумча каржылык чыгымдарды талап кылбайт.

**7. Регулятивдик таасирди анализдөө жөнүндө маалымат**

Сунушталган Мыйзам долбоору регулятивдик таасирди талдоого тиешелүү эмес, анткени ал ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Министр** **А.Т. Токтобаев**